# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ЖАРЛЫГЫ

2022-жылдын 20-майы ПЖ № 157

## Улуттук нарк жөнүндө

Жер жүзүндөгү ар бир улуттук нарк адамзаттын жан дүйнө казынасынын кайталангыс табылгасы болуп саналат. Жалпы адамзаттык нарк улуттук-этникалык маданияттардын көп түрдүү биримдигинен түзүлөт. Жаратылыштагы биоартүрдүүлүк сыяктуу эле адамзат коомундагы социомаданий ар түрдүүлүк да мыйзам ченемдүү көрүнүш. Улуттук нарк башка элдерге да жакын жана түшүнүктүү болуп, жалпы адамзаттык баалуулуктардын катарына кирет. Ошондуктан ал калктардын, этностордун ортосундагы ынтымак-достукка, өз ара мамилеге шайкешип, бириктирүүчү кызматты аткарган.

Миңдеген жылдар мурун өз алдынча ээлик түзүп, ага көз карандысыз башкаруу тартибин орнотуп, чоң жана кичине элдер менен тең ата мамиле жүргүзүүдө натыйжалуу ийгиликтерге алып келген кыргыз элинин эң негизги таянычы жана ишеничи эреже-тартиптерден, жүрүм-турум адебинен, каада-салтынын жыйындысынан куралып, улуттук дүйнөтаанымдарына шайкелишкен улуттук нарк мыйзамы иштелип чыккан. Улуттук нарк кылымдар бою мезгилдин сынынан өтүп, айрым жерлеринде толукталып, бекемделип жүрүп отурган. Нарктын таасири эң жогорку деңгээлге өсүп чыккан, алсак эл арасында "Хан бийлигинен нарк күчтүү", "Эрден өтмөк бар, элден өтмөк жок" деген накыл сөздөр Айкөл Манас атабыздын доорунда жаралып, азыркы мезгилге чейин өзүнүн күчүн жоготпой келе жатат.

Ошол эле учурда мамлекеттик башкаруу иштерине башка диний ишенимдер жана кызыкчылыктар таңууланган учурда эл арасында жиктер пайда болуп, ынтымактын ыдырашына кайсыл бир деңгээлде таасир бере баштаган. Тарых барактары мындай окуялардын бир нечесин тастыктап бере алат. Мамлекеттик башкаруу системасында нарктуулуктун бузулушу ири дөөлөттөрдүн, өлкөлөрдүн урашына алып келген.

Советтик доордо мамлекетибизде мыйзамдуулуктун үстөмдүгү салыштырмалуу түрдө бекем орноп турган мезгилде дагы кыргыз элинин "жазылбаган" каада-салт, нарк мыйзамдары кызуу иштеп, адамдардын, урук-уруулардын ортосундагы мамилелерди теске салууда алардын кенен пайдаланылып келгендиги баарыбызга маалым. Демек, жалпы адамзатка таандык эсептелген мыйзамдарга салыштырмалуу элдин өзү иштеп чыккан нарк системасы маанилүү жана ийгиликтүү жыйынтыктарды жаратып келген.

Азыркы мезгилде элибизге жаңы көз караштарды, ойлорду сунуштап, эксперимент жүргүзө берүү эмес мезгил сынынан өтүп, элдин көкүрөгүнө уюган улуттук нарктуулукту кайра калыбына келтирүү зарылчылыгы чыгып жаткандыгын белгилейбиз.

Бул сунушталып жаткан улуттук нарк дөөлөтүбүз Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы № 1 "Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө" Жарлыгынын ырааттуу уландысы катары сунушталып жатат.

Жаңы технологиялардын айдыңы менен ааламдашуунун чеңгээлине кирип, өзөгүбүздү жана тамырыбызды жоготуп албашыбыз үчүн адилеттүүлүккө жана акыйкаттуулукка негизделген нарктуу коомду куруу үчүн токтом кылам:

1. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысы:

- коомчулуктун, билим берүү жана илим, маданият чөйрөсүнүн өкүлдөрүн, бардык кызыкдар тараптарды тартуу менен 2022-жылдын 1-сентябрына чейин Улуттук наркты сактоо жөнүндө улуттук программаны (мындан ары - Улуттук программа) иштеп чыксын жана киргизсин;

- Улуттук программаны иштеп чыгууда төмөнкү принциптер эске алынсын:

нарк маселесинде диний ишенимдердин жана каада-салттын баалуулуктарын бири-бирине карама-каршы койбоо;

коомго, өлкөгө жан дили менен берилген өрнөктүү, нарктуу жаранды калыптандырууда чөлкөмдүк, этникалык жана материалдык кызыкчылыктардан улуттук аң-сезимдин артыкчылыгы;

нарктуулук бала бакчадан, мектептен, жогорку окуу жайдан жана башка коомдук институттардан эмес үй-бүлөдөн башталарын эске алып, өлкөнүн эң негизги ресурсу катары салттуу үй-бүлөлүк баалуулуктарды жайылтуунун артыкчылыгы;

коомдун нарктуу өкүлүн жана нарктуу мамлекеттик кызматчысын калыптандырууда мамлекеттик тилге жана тарыхый баалуулуктарга өзгөчө көңүл буруу;

улуттук нарктуулукту жайылтууда ийгиликтерге жетүү үчүн ар бир муундун физиологиялык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө жараша методдорду, талаптарды иштеп чыгуу.

2. Кыргызстан мусулмандар дин башкармалыгына төмөнкүлөр сунушталсын:

- салттуу ислам баалуулуктарын жана кыргыз элинин улуттук наркын сактоодо келип чыгуучу түшүнбөстүктөрдү жоюу максатында тиешелүү чечимдерди чыгаруу;

- кабыл алынган чечимдер боюнча калк арасында маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.

3. Кыргызстан калкы ассамблеясына, коомдук уюмдарга, жалпыга маалымдоо каражаттарына, анын ичинде телерадиоберүү уюмдарына нарктуулукту жайылтуу, нарктуу жаранды жана нарктуу коомдуу куруу жөнүндө калк арасында маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүү сунушталсын.

4. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнө, мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларга улуттук наркка байланышкан түрдүү багыттагы демилгелерди сунуштоо менен бирге диний ишенимдерге жана улуттук наркка өтө сый-урмат менен мамиле кылууга, ошондой эле нарктуу коомду курууда Кыргыз Республикасынын жарандарына үлгү көрсөтүүсү сунушталсын.

5. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысына жүктөлсүн.

6. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.Н. Жапаров**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИ

# ЖАРЛЫК

2021-жылдын 29-январы ПЖ № 1

## Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө

Дүйнө жүзү адамзаттын жашоо-турмушунун бардык чөйрөлөрүндө кайра баштоо жана глобалдуу трансформациялануу этабына өттү. Санарип технологияларын ишке киргизүү, жасалма интеллектти иштеп чыгуу, энергиянын жаңы түрлөрүнө өтүү жана жаңы технологиялык тартиптин инструменттери калыптанып калган коомдук мамилелерди түп-тамырынан өзгөртүп, тийиштүү түрдө өз ара мамилелерде жана башкаруучулук процесстерде жаңы ыкмаларды издөөнү талап кылууда.

Дүйнөнүн дээрлик бардык өлкөлөрүн каптаган дүйнөлүк кризис өндүрүштүк мамилелердин түзүлгөн ыкмасы, тынымсыз керектөөчүлүк жарыш, жаратылыш ресурстарын сарамжалсыз пайдалануу, анын натыйжасы катары саясий системанын, экономикалык мамилелердин кризиси жана адамдардын жүрүш-турушундагы руханий-адеп-ахлактык башаттын төмөндөшү менен байланышкан. Руханий чөйрөнүн үстүнөн материалдык мамилелердин артыкчылыгы дүйнөдөгү, анын ичинде Кыргызстандагы системалуу кризистин башталышы жана себеби болуп калды.

Кыргыз эли эгемен жылдары үч жолу саясий толкунду башынан кечирди жана бул түзүлгөн саясий, экономикалык жана социалдык стандарттарга жана мамилелерге карапайым элдин каршылык билдирүүсүнүн далили болду. Кыргыз элинин өзөгү жана табияты болгон адилеттүүлүк сезими бийликтин бар болушунун жана адамдардын ортосундагы өз ара мамилелердин көрсөткүчү жана өзүнчө күч болуп саналат. Биздин элдин миң жылдык тарыхы элдин сакталышынын жана өнүгүүсүнүн чыныгы себептерин жана шарттарын далилдеди. Бул биринчи кезекте биздин тил, маданият, салт, үрп-адат болуп саналат, алар биздин жашоо мүнөздү калыпка салат жана бекемдейт.

Дүйнө жаңы тартипти куруу этабына өтүп жаткан азыркы этапта коомдогу руханий-адеп-ахлактык, маданий баалуулуктар өзгөчө мааниге ээ болуп, кайра түзүүлөрдүн багыттоочу күчү болууда. Бул жарандардын, өзгөчө өсүп келе жаткан муундун руханий-адеп-ахлактык абалы жөнүндө дайыма камкордук көрүүнү, анын жаратман чыгармачылыгын колдоону, сергек жашоо ыңгайын жана үй-бүлө баалуулуктарын пропагандалоону талап кылат. Жогорку адеп-ахлактык баалуулуктар жана принциптер сакталбаса жана бекемделбесе биз өзүбүздүн жүзүбүздү жана адамдык касиетибизди жоготуп алышыбыз мүмкүн.

Руханий-адеп-ахлактык, маданий баалуулуктарды жана технологиялык прогресстин жаңы жетишкендиктерин кылдат жана акылга сыярлык айкалыштыруу мамлекеттүүлүктү да, элдин биримдигин да сактай алат. Кыргыз элинин жана Кыргыз Республикасында жашаган бардык улуттардын жана элдин каада-салтына, үрп-адатына таянып, биз цивилизациялуу жана гүлдөгөн мамлекетти ийгиликтүү куруп, алдыга илгерилей алабыз.

Ички саясаттын эң маанилүү багытын - жогорку моралдык ченемдерди, каада-салттарды, салттуу болгон үй-бүлөлүк жана коомдук баалуулуктарды, сергек жашоону өздөштүрүү, Кыргызстан элдеринин маданияттарынын дөөлөтүн, кайталангыстыгын жана бирдиктүүлүгүн чагылдырган жалпы адамзаттык

баалуулуктардын системасына өтүү аркылуу жарандарды тарбиялоону колдоо максатында

ТОКТОМ КЫЛАМ:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунушталсын:

- коомчулуктун, маданият, илим жана билим берүү ишмерлеринин, бардык кызыкдар тараптардын кеңири катышуусунда 2021-жылдын 1-июнуна чейин Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепциясын (мындан ары - Концепция) иштеп чыксын жана киргизсин;

- бул чөйрөдө колдонулуп жаткан бардык ченемдик укуктук, концептуалдык, программалык документтерди аларды инвентаризациялоо жана иштелип чыгуучу Концепцияга ылайык келтирүү жагына кайра карап чыгуу;

- Концепцияны иштеп чыгууда төмөнкү принциптер эске алынсын:

турмуштук жүрүш-турушта руханий-адеп-ахлактык жүйөнүн материалдык кызыкчылыкка караганда артыкчылыгы;

коомдук жана мамлекеттик кызыкчылыктардын жеке кызыкчылыкка караганда артыкчылыгы жана аларды бири-бирине каршы койбоо;

мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, алардын кызмат адамдарынын чечимдеринде, аракеттеринде калыстык принцибинин артыкчылыгы;

мамлекеттин жана коомдун негизи катары тарбиячылардын, мугалимдердин, врачтардын жана аскер кызматчыларынын статусунун барктуулугу жана баалуулугу;

патриоттуулук, каармандык, мамлекеттик жана муниципалдык бардык кызматтын элге жана Мекенге берилгендиги жана кызмат кылуусу;

- элдин мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, алардын кызмат адамдарына ишенич деңгээлин көтөрүү үчүн мамлекеттик жана муниципалдык кызматка жаңы талаптарды төмөнкүдөй негиздерде иштеп чыгуу:

мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын Конституцияны жана мыйзамдарды сактоодо, кызмат ордундагы жана кызматтык ыйгарым укуктарды коомдук иште жана жашоо-турмушта ак ниет аткаруунун үлгүсү болуусу жана элдин пикирин жана талабын билдирүүсү;

мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлөө үчүн кыйла квалификациялуу, жогору адеп-ахлактуу жана кынтыксыз бедели бар адамдарды даярдоо жана алардын арасынан тандоо.

2. Маданият, билим берүү, илим жана спорт мамлекеттик органдары:

- билим берүү системасында тарбия берүүнүн улуттук маданий, руханий-адеп-ахлактык жана үй-бүлөлүк баалуулуктарга ылайык келүүсүн; жарандарды жана биринчи кезекте балдарды, анын ичинде турмуштук оор кырдаалдагы балдарды дене-бою жагынан, психикалык, социалдык, руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылсын;

- билим берүүнүн окуу стандарттарын кайра карап чыксын жана окуучуларды жана окуу жайларынын студенттерине этика, эстетика жана дене тарбиясы боюнча предметтерди киргизсин;

- ар бир жарандын чыгармачыл жөндөмдөрүн ачуу жана өнүктүрүү, аны эмгекти сүйүүгө жана жогорку адеп-ахлактык принциптерге, инсандын өзүн-өзү жетилтүү жана өз мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыруу көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн максималдуу жагымдуу шарттарды түзсүн;

- балдарда жана жаштарда бүтүн дүйнө таанууну жана заманбап илимий көз караштын, эмгекке шыктанууну, активдүү жашоо жана кесиптик позицияны, табиятка этият мамиле кылууну калыптандырсын;

- билим берүү системасына жогорку деңгээлде окуу процессин жүргүзүүгө, жөндөмдүү таланттуу педагогикалык жана илимий кызматкерлерди, адистерди тартсын;

- дене тарбия жана спорт каражаттары аркылуу өсүп келе жаткан муундун жарандык-патриоттук тарбиясын жогорулатсын;

- жарандардын, анын ичинде майыптардын жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын дене тарбия жана спорт менен машыгуусу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылсын.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:

- руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүү, патриоттук жана дене тарбиясы жаатында мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча тиешелүү чараларды көрсүн;

- тиешелүү аймакта калкты руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүүгө жана дене тарбиясына багытталган иш-чараларды туруктуу негизде уюштурсун жана өткөрсүн.

4. Жалпыга маалымдоо каражаттары:

- салттуу коомдун баалуулуктарын, үй-бүлө, сергек жашоо, Ата Мекенди сүйүү жана элге кызмат кылуунун идеалдарын үгүттөсүн;

- эл аралык деңгээлде өлкөнү жакшы жагынан көрсөтсүн.

5. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын Жетекчисине жүктөлсүн.

6. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Кыргыз**
**Республикасынын**
**Президенти** **С.Жапаров**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИ

# ЖАРЛЫК

2020-жылдын 13-ноябры ПЖ № 39

## 2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы жөнүндө

Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясынын логикалык уландысы болуп саналат. Концепцияда Кыргыз Республикасында улуттук саясатты калыптандырууга жаңы мамиле жасоо - Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүү процессин баштоо сунушталат. Этностор аралык ынтымакты бекемдөөгө, жарандык бирдейликти жана туруктуулукту камсыздоого өбөлгө түзүүчү мындай саясатты улантуу зарылчылыгын тажрыйба көрсөттү.

Учурда ийгиликтүү жана өнүккөн мамлекетти курууга умтулган, түрдүү маданий, этностук, диний салттарды карманган жарандардын жамаатын калыптандырууга багытталган 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы ишке ашырылууда. Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусу өлкөнүн көз карандысыздыгын жана анын бакубатчылыгын бекемдөөнүн социалдык негизин түзөт жана принциптердин жана көз караштардын расмий системасы болуп саналат.

Кыргыз жараны - бул этностук, диний, социалдык жана региондук таандыктыгына карабастан, Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык укуктары жана милдеттери бар Кыргыз Республикасынын жараны. "Кыргыз жараны" деген термин өлкөнүн аталышы болгон "Кыргыз Республикасы" деген аталыштан келип чыгат жана өздөрүнүн этномаданий таандыктыгын сактоо менен бардык этностук жамааттарды бириктирген жалпы жарандык бирдейликтин термини болуп саналат.

Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүү ар бир кыргыз жаранын өлкөнүн социалдык-экономикалык жана коомдук-саясий турмушуна катышуусу үчүн бирдей шарттарды жана мүмкүнчүлүктөрдү түзүү, коомдо көп түрдүүлүктү сактоо жана толеранттуулукту жогорулатуу жолу менен жетишилет. Толеранттуулук

жана көп түрдүүлүк деген баалуулуктар ар түрдүү социалдык топтордун жана этностук жамааттардын ортосунда активдүү кызматташууну, өнөктөштүктү жана биргелешкен ишмердүүлүктү талап кылат.

Мамлекеттик тил Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүгө өбөлгө түзүүчү маанилүү факторлордун бири болуп эсептелет.

Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусу билим берүүнүн, маданияттын, үй-бүлөдө жана коомдо инсанды тарбиялоонун жана өстүрүүнүн бир бөлүгү болушу керек. Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясынын идеяларын жайылтууда мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу органдары өзгөчө орунду ээлейт, алар бекитилген конституциялык ченемдерди ишке ашырууга жана ар бир жарандын керектөөлөрүн камсыз кылууга тийиш.

Кыргыз Республикасынын этностук жамааттарынын жарандык биригүүсү жана Кыргыз жараны деп өзүн таануусу жарандардын кызыкчылыгы сакталган мамлекетте калыптануусу зарыл экендигин эске алып,

ТОКТОМ КЫЛАМ:

1. 2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы (мындан ары - Концепция) бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө төмөнкүлөр сунушталсын:

- Концепцияны ишке ашыруу боюнча 2021-2026-жылдарга иш-чаралардын планын Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жарандык коомдун сунуштарын эске алып, ачык-айкын чараларды, каржылоо булактарын, аларды ишке ашыруунун мөөнөттөрүн, аткарылышы үчүн жооптуу органдарды жана кызмат адамдарын аныктоо менен үч айлык мөөнөттө иштеп чыгуу жана бекитүү;

- мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жарандык коом менен бирдикте Концепцияны ишке ашыруу боюнча 2021-2026-жылдарга иш-чаралардын планын толук көлөмдө жана белгиленген мөөнөттө аткарууну камсыз кылуу.

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппараты мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жарандык коом менен бирдикте Концепцияны ишке ашырууга мониторинг жүргүзүүнүн жана баа берүүнүн негизинде Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты өркүндөтүү боюнча туруктуу ишти жүргүзсүн.

4. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын гуманитардык өнүктүрүүгө мониторинг жүргүзүү жана жарандык коомдун институттары менен өз ара аракеттенүү бөлүмүнө жүктөлсүн.

5. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

"Эркин Тоо" газетасынын 2020-жылдын 1-декабрындагы N 98 жарыяланды

| | |
|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Президентинин милдеттерин аткаруучу** | **С.Жапаров** |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ЖАРЛЫГЫ**

2022-жылдын 24-февралы ПЖ № 54

**Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө**

Соңку жылдары көрүлүп жаткан чараларга карабастан, кыргыз коомчулугунда ар кандай үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана башка иш-чараларды өткөрүүдө текебердик, өзүн эл алдында көрсөтүүгө умтулуу, башка адамдардын социалдык абалын теңсинбөө, ашыкча ысырапкерчилик, элдин каада-салттарын жана үрп-адаттарын сактабоо сыяктуу терс көрүнүштөр жана жаман адаттар кездешүүдө. Көптөгөн жарандар шаан-шөкөттүү үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумга арналган иш-чараларын коңшулардын жана туугандарынын алдында сын пикирге кабылбоонун, жалпысынан коомчулуктун басымында калбоонун жалгыз мүмкүнчүлүгү катары кабыл алууда.

Калк маркумду жерге коюу, маркумду эскерүү, ошондой эле үйлөнүү үлпөттөрүн, мааракелерди өткөрүү менен байланышкан ар кандай үй-бүлөлүк иш-чараларда негизсиз чыгашаларга дуушар болууда. Ал тургай мындай шаан-шөкөттүү салтанаттарды жана башка иш-чараларды өткөрүү кеңири жайылган көрүнүш болуп калды. Үй-бүлөлүк, маарекелик салтанаттарды жана маркумду эскерүү иш-чараларында улуттук каада-салттарга, адеп-ахлак ченемдерине карама-каршы келген үрп-адаттарга жол берилип жатат. Мунун бардыгы өзүмчүлдүктү, адепсиздикке, өзүм билемдикти камтыган бөтөн жана бузуку идеялардын жана баалуулуктардын системасынын коомго жайылышына алып келет.

Курулай бедел күтүү, жок каада-салттарды сактоо үчүн бул иш-чараларга көп учурларда материалдык мүмкүнчүлүгүнө ылайык келбеген көп сандагы адамдар чакырылат, тамак-аш көп жасалып, көптөгөн мал союлат, акча каражаттары ашыкча чыгымдалат.

Мындай ашыкча чыгымдар үй-бүлөлүк бюджетке зыян келтирет жана калктын жашоо деңгээлине терс таасирин тийгизет. Көптөгөн жарандар ысырaптуу жана шаан-шөкөттүү үй-бүлөлүк иш-чараларды жана үрп-адаттарды өткөргөндөн кийин каражаттарды карызга, кредитке алат жана аны төлөө үчүн республикадан тышкары жактарга иштегенге кетет.

Белгилүү болгондой, динде да маркумду жерге коюуда, маркумду эскерүү үрп-адаттарында мындай ысырапкерчиликке жол берилбейт.

Республиканын жарандары үй-бүлөлүк жана башка иш-чараларды өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө жана ири акча каражаттарын чыгымдабастан өткөрүшү зарыл. Өзгөчө интеллигенциянын өкүлдөрү, мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар өздөрүнүн кызматтык милдеттерин аткарууда гана эмес, ошондой эле турмушта жалпы кабыл алынган адеп-ахлактык ченемдерди, үрп-адаттарды жана элдик каада-салттарды сыйлоодо катардагы жарандарга үлгү болууга тийиш.

Азыркы мезгилде кыргыз коомунун руханий маданиятынын жана адеп-ахлагынын негиздерин турукташтыруу, социалдык адилеттүүлүктү камсыз кылуу, калкта, өзгөчө жаштарда мындай маселелерге аяр мамиле кылууну калыптандыруу үчүн каада-салттарды, салтанаттарды жана үрп- адаттарды катуу тартипке келтирүү талап кылынууда.

Улуттук маданияттын баалуулуктарын коргоо жана элдик каада-салттарга сый мамиле кылууну калыптандыруу, жарандардын жашоо деңгээлин жана сапатын көтөрүүнүн кызыкчылыгын гана көздөп, элдин саламаттыгын жана адеп-ахлагын коргоону камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын жарандарынын жашоосунун социалдык жана экономикалык деңгээлин көтөрүү үчүн каада-салттарды, салтанаттарды жана диний үрп-адаттарды тартипке келтирүү максатка ылайыктуу деп эсептелсин.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:

- шаарларда, айылдарда жана башка калктуу конуштарда каада-салттарды, салтанаттарды жана үрп-адаттарды тартипке келтирүүнү караган үйлөнүү үлпөтүн, үй-бүлөлүк, маарекелик салтанаттарды, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана маркумга арналган иш-чараларды өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону иштеп чыксын жана бекитсин;

- бул маселе боюнча калк арасында кеңири түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн;

- салтанаттарды жана диний үрп-адаттарды өткөрүүчү адамдарга тиешелүү сунуштарды берсин;

- бул Жарлыктан келип чыгуучу зарыл болгон чараларды көрсүн.

3. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысы:

- маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана маркумга арналган иш-чараларды жана башка үй-бүлөлүк иш-чараларды өткөрүүдө ысырапкерчиликке жол бербөө жөнүндө калк арасында кеңири маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнү уюштурсун;

- каада-салттарды, салтанаттарды, үрп-адаттарды жана маркумга арналган башка иш-чараларды тартипке келтирүү маселелери боюнча мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жарандардын жана коомдук институттардын натыйжалуу өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылсын.

4. Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгына төмөнкүлөр сунушталсын:

- диний ырым-жырымдарды, маркумду эскерүү үрп-адаттарын, маркумга арналган иш-чараларды өткөрүүдө ысырапкерчиликке жол бербөө жана алдын алуу максатында тиешелүү фатваларды чыгаруу;

- көрсөтүлгөн фатвалар боюнча калк арасында маалыматтык-түшүндүрүү иш-чараларын жүргүзүү.

5. Кыргызстан калкы ассамблеясына, коомдук уюмдарга, жалпыга маалымдоо каражаттарына, анын ичинде телерадиоберүү уюмдарына үй-бүлөлүк салтанаттарды, диний ырым-жырымдарды, үрп-адаттарды жана башка иш-чараларды өткөрүүдө ысырапкерчиликке жол бербөө жөнүндө калк арасында маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүү сунушталсын.

6. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнө, мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларга үй-бүлөлүк, маарекелик салтанаттарды, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана маркумга арналган башка иш-чараларды ири акчалай каражатты сарптабастан, көп сандаган малды сойбостон жана башка ысырапкерчиликке жол бербестен өткөрүү, жалпы кабыл алынган адеп-ахлактык ченемдерди сактоодо жарандарга үлгү болуу сунушталсын.

7. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

8. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.Н. Жапаров**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИ

# ЖАРЛЫК

2022-жылдын 07-июну ПЖ № 177

## 13Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында "Диндердин өнүгүү тарыхы" предметин киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Конституциясы ар бир адамга абийир жана дин тутуу эркиндигин кепилдейт, кайсы бир диндин мамлекеттик же милдеттүү дин катары кабыл алынышына тыюу салат, динди жана бардык диний ырасымдарды мамлекеттен ажыратууну камсыз кылат, диний бирикмелердин, дин жана диний ырасымдардын кызматчыларынын мамлекеттик бийлик органдарынын ишине кийлигишүүсүнө тыюу салууну киргизет.

Мамлекет диний бирикмелер менен алардын мыйзам алдында бирдейлиги принцибин жана реалдуу коомдук муктаждыктарды эске алып, максаттуу жана дифференциалдуу түрдө өзүнүн мамилелерин түзөт. Мамлекет өзүнүн маданий жана билим берүү саясатында Кыргызстандын жалпы улуттук маданиятына диндердин кошкон салымын эске алат, анткени мамлекет менен диндин өз ара мамилелеринин натыйжалуулугу туруктуулукту камсыз кылуунун жана демократиялык коомду өнүктүрүүнүн маанилүү аспекти болуп эсептелет.

Дин жана билим берүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жалпысынан бул чөйрөдөгү дүйнөлүк стандарттарга ылайык келет, биринчи кезекте ал Кыргызстан катышуучу болуп саналган бир катар эл аралык укуктук конвенцияларды ишке ашырат. Аталган чөйрөдөгү негиз болуучу документтердин катарында 1948-жылдын 10-декабрында БУУ тарабынан кабыл алынган Адам укугунун жалпы декларациясын, ошондой эле 1981-жылдын 25-ноябрында БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган Диндин жана ынанымдардын негизинде сабырсыздыктын жана басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө декларацияны атоого болот.

1990-жылдары динге ишенгендердин көпчүлүгү эки конфессияга: ханафий мазхабындагы суннит исламына жана православ христиан динине таандык болгон. Бирок көз карандысыздык мезгилинде өлкөнүн аймагында постсоветтик өлкөлөр үчүн жаңы христиан, ислам багыттарындагы жана дүйнөлүк агымдардын идеяларын жайылуучу башка түрдүү диний уюмдар да активдүү иш жүргүзө баштады.

Борбордук Азия эли салттуу түрдө карманган ханафий мазхабы өзүнүн диний сабырдуулугунан улам ислам баалуулуктарын улуттук каада-салттарга жана үрп-адаттарга каршы койбогондугу, мамлекет менен өнөктөштүктү өнүктүрүү үчүн идеологиялык негизге ээ болгондугу менен башка мазхабдардан жана ислам агымдарынан айырмаланып турат. Кыргыз Республикасынын көпчүлүк жарандары карманган бул багыт этностук жана диний көп түрдүүлүк шартында динге сабырдуулукка, ынак коңшулукка, бири-бирин сыйлай билүүгө жөндөмдүү экендигин тарыхый жактан далилдеди.

Ошону менен бирге соңку жылдары дүйнө жүзү боюнча да, Борбордук Азия регионунда да диний экстремизмдин жана радикализмдин өсүшүнүн айынан социалдык-саясий кырдаалдын татаалданышы байкалууда. Бул тенденция мамлекеттин улуттук коопсуздугуна коркунуч келтирген зомбулуктун жана экстремисттик иштин жайылуу коркунучуна алып келет.

Жалпысынан диний экстремизмди жана терроризмди дин деп түшүнбөстөн, анын радикалдуу формаларына каршы туруу керек. Кыргыз Республикасында конституциялык түзүлүштү өзгөртүүнү, светтик системаны теократиялык системага алмаштырууну эл алдында пропагандалоону камтыган радикалдуу диний идеологияларга мыйзам менен тыюу салынган.

Динге, анын Кыргызстандын тарыхындагы, маданиятындагы жана күнүмдүк турмушундагы ролуна болгон кызыгуунун өсүшү дин жөнүндө объективдүү илимий билимге массалык муктаждыкты жаратты. Бул муктаждыкты мектептик билим берүү түзүмүндө светтик билим берүү системасы канааттандырууга тийиш.

Дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп дин таануу билиминин жана агартуунун деңгээлин жогорулатуу саналат. Бул үчүн мамлекет мектептик билим берүү системасына дин таануу боюнча тиешелүү предметти киргизүүгө, мугалимдердин жана профилдик мамлекеттик органдардын, жарандык коомдун институттарынын кызматкерлеринин жана башка кызыкдар тараптардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо курстарын иштеп чыгууга тийиш.

Республиканын жалпы билим берүү уюмдарында диндердин өнүгүү тарыхын окуу төмөнкү учурларды камтышы керек:

- окутуу заманбап илимий-методикалык ыкмаларга негизделүүгө тийиш;

- биздин өлкө үчүн дүйнөлүк жана салттуу диндер жөнүндө билим берүү окуучулардын дүйнөнү, маданиятты жана адамдын руханий жашоосун таануусуна жардам берүүгө тийиш;

- салттуу диндердин негиздерин билүү улуттук өзүн таанууну калыптандырууда, колдоодо жана сактоодо, экстремизм идеологиясын жана сабырсыздыкты алдын алууда маанилүү ролду ойнойт.

Республиканын жалпы билим берүү уюмдарында дин таануу боюнча билим берүү гуманитардык билим берүүнүн курамдык бөлүгү болуп, өсүп келе жаткан муунга жана жаштарга дин, анын тарыхы жана адамзатынын жашоосундагы ролу, маданияты, руханий адеп-ахлак чөйрөсү жөнүндө объективдүү илимий билим бериши керек.

Жогоруда жазылгандарды эске алып, дин таануу боюнча билим берүү жаатында мамлекеттик саясатты ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерине ылайык токтом кылам:

1. 2022-2023-окуу жылынан баштап менчигинин түрүнө жана формасына карабастан Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 9-класстарынын окуучулары үчүн "Диндердин өнүгүү тарыхы" предмети базистик окуу планына киргизилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгиленген тартипте:

- 9-класстар үчүн мурда иштелип чыккан "Диндердин өнүгүү тарыхы" окуу-методикалык комплексин толуктап иштеп чыксын, экспертиза жүргүзсүн жана басып чыгарсын;

- 7-8-класстар үчүн "Диндердин өнүгүү тарыхы" окуу-методикалык комплексин иштеп чыксын, апробация жана экспертиза жүргүзсүн, басып чыгарсын;

- эмгек рыногунда талап кылынган, кошумча чектеш квалификациялары бар "Дин таануу" адистиги боюнча билим берүүчү тиешелүү окуу жайларында бюджеттик орундарды карасын;

- "Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү менен ушул пунктта көрсөтүлгөн иш-чараларды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон каражаттарды Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине бөлүп берсин;

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине республиканын жалпы билим берүү уюмдарына "Диндердин өнүгүү тарыхы" предметин этап-этабы менен киргизүү үчүн зарыл болгон каражаттарды жыл сайын бөлүп турсун;

- ушул Жарлыктан келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

3. Төмөнкүлөр белгиленсин:

- "Диндердин өнүгүү тарыхы" предметин окутуу укугу төмөнкү адамдарга берилет:

диний секталарга жана агымдарга тиешеси жок, жогорку теологиялык билими жана педагогика, психология жана окутуу методикасы жаатында квалификациясын жогорулатуудан же кайра даярдоодон өткөндүгү жөнүндө сертификаты бар адамдарга;

кадрлар жетишпеген учурларда, тиешелүү педагогикалык квалификациядан өткөн "тарых мугалими" квалификациясы менен педагогикалык билими бар адамдарга;

- "Диндердин өнүгүү тарыхы" предметин окутуу үчүн адамдарга уруксат берүү Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги тарабынан өткөрүлүүчү текшерүү иш-чараларынын жыйынтыктары боюнча жүргүзүлөт.

4. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги:

- менчигинин түрүнө жана формасына карабастан Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында 7-9-класстарда окугандар үчүн "Диндердин өнүгүү тарыхы" предметин этап-этабы менен киргизилишин камсыз кылсын;

- аталган предметти окутуу үчүн окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо боюнча окуу курсун/модулун белгиленген тартипте иштеп чыксын.

5. Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги тиешелүү мамлекеттик органдар менен биргеликте ушул Жарлыктын 3-пунктунан келип чыгуучу чараларды иштеп чыксын жана ишке ашырсын.

6. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

7. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

*"Эркин Тоо" газетасынын 2022-жылдын 10-июнундагы № 51 жарыяланды*

| | |
|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Президенти** | **С.Жапаров** |

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ЖАРЛЫГЫ

2021-жылдын 13-декабры ПЖ № 561

**Башталгыч, жалпы негизги жана орто жалпы билим алууга балдардын конституциялык укуктарын камсыз кылуу боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө**

Билим берүү ар бир коомдун жана мамлекеттин тарыхында маанилүү ролду ойнойт. Ар бир өлкөнүн келечеги билим берүүнү өнүктүрүүгө байланыштуу болот. Анын деңгээли инсандын жана улуттардын заманбап дүйнөдөгү социалдык статусун аныктайт. Билим берүү коомду модернизациялоонун объектиси гана эмес, анын субъекти, кубаттуу рычагы жана ички ресурсу болуп эсептелет, себеби ал коомдук өнүгүүнүн процессинде улуттун интеллектуалдык жана руханий дараметин топтоонун жана өнүктүрүүнүн негизги фактору болот.

Балалыктын ыңгайлуу чөйрөсү менен чектелген баланы өнүктүрүү үчүн биринчи кезектеги шарт болуп бардык түрдөгү жана формадагы билим берүү, өзгөчө ар бир баланын жашоосундагы эң узак жана жоопттуу этап менен тыгыз байланышкан мектептеги билим берүү эсептелет. Терең социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр жүрүп жаткан мезгилде Кыргызстанда балалык үчүн тобокелдиктин факторлору курчуду. Ошол эле учурда мектеп иш жүзүндө балалыкты коргоонун жападан-жалгыз социалдык институту болуп калды. Бирок мектептин, ошондой эле жалпысынан билим берүү системасынын мамлекет жана коом тарабынан өз убагында толукталбаган ресурстук мүмкүнчүлүгүнүн төмөн болушу бул абдан маанилүү социалдык миссияны талаптагыдай деңгээлде аткарууга мүмкүндүк бербей жатат.

Жалпы билим берүү мектептерине барбаган балдардын санынын өсүшү Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын актуалдуу проблемаларынын бири болуп эсептелет. Айылдарда жана шаарлардын райондорунда жашаган мектепке чейинки жана орто мектеп жашындагы көптөгөн балдар мектепке барбайт же дайыма барып турбайт. Мектепке таптакыр барбаган же окуусун үзгүлтүккө учураткан, сабактарга катышпаган балдар туш болгон проблемалар азыркы мезгилде кыйла татаал болуп эсептелет жана балдар аларды өздөрү чече албайт.

Алардын айрымдары ата-энесине жардам берүү үчүн иштөөгө аргасыз болсо, айрымдарынын ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү, ал эми кээ бири начар үй-бүлөдө жашайт. Талаада, жайлоодо ата-энесине жардам берүүгө, тамак табуу үчүн иштөөгө, инилерин, карындаштарын, сиңдилерин кароого тийиш болгон үй-бүлөлөрдө жашаган балдар бар. Ата-энелер өздөрү жашы жеткен балдарын мектепке жиберүүнү каалабаган же аларга билим берүүнү милдеттүү деп эсептебеген учурлар көбөйүп жатат.

Алсак, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин маалыматы боюнча учурдагы окуу жылынын башында 2,5 миңден ашык бала жалпы билим

берүү уюмдарына окууга келген эмес. Түзүлгөн кырдаалдын себептери болуп ата-энелердин материалдык кыйынчылыктары (балдарын кароо жана мектепте окутуу үчүн финансылык каражаттарынын жоктугу), ата-энесине жардам берүү жана иштөө зарылчылыгы, ата-энелердин диний себептер боюнча балдарын мектепке жиберүүдөн баш тартуусу, ата-энесинде балага деген документтердин жок болушу, бир туугандарынын балага көңүл бурбоосу (ата-энеси миграцияга кеткен учурда) эсептелет.

Бул проблемага чара көрүү боюнча максаттуу мамлекеттик саясат балдардын ар кандай категорияларына, анын ичинде майып балдарга, аялуу категориядагы үй-бүлөлөрдөгү балдарга билим алуунун жеткиликтүүлүгүн, демек, жалпысынан сапаттуу билим алуунун жеткиликтүүлүгүн көбөйтүүгө тийиш.

Кыргыз Республикасынын жарандарынын билим алууга болгон конституциялык укугун ишке ашыруу жана башталгыч, жалпы негизги жана орто жалпы билим берүүнү камсыз кылуу, жалпы билим берүү мекемелериндеги биринчи класска кабыл алынууга тийиш болгон окуучулардын контингентин сарамжалдуу пландоо, окубаган балдарды табуу жана аларды окутуу үчүн чараларды көрүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 27, 46, 66, 71-беренелерине ылайык токтом кылам:

1. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү мамлекеттик администрациялары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин аймактык бөлүмдөрү менен бирдикте эки жумалык мөөнөттө:

- жалпы билим берүү мектептерине киргизилбеген, окууга келбеген же окууну токтоткон мектеп жашындагы балдардын эсебин алсын;

- жалпы билим берүү мектептерине киргизилбеген, окууга келбеген же окууну токтоткон балдарды жалпы билим берүү мектептерине киргизүү боюнча зарыл чараларды көрсүн.

2. Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары менен бирдикте бир айлык мөөнөттө турмуштук оор кырдаалда калган (балдарын кароо жана мектепте окутуу үчүн финансылык каражаттары жок) аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү жана балдарды тапсын жана зарыл болгон кийимдерди, мектеп формасын жана мектептик окуу-буюмдарын сатып алууда аларга жардам көрсөтсүн.

3. Ушул Жарлыктын 1, 5-пункттарынын аткарылышы үчүн жеке жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө жүктөлсүн.

4. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгиленген тартипте:

- эки айлык мөөнөттө баланын башталгыч, жалпы негизги жана орто жалпы билим алуусу үчүн зарыл чараларды көрбөгөн же чектеген ата-энелердин, балдардын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн жоопкерчилигин караган мыйзамдын долбоорун иштеп чыксын жана аны Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине кароого киргизсин;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 19-июнундагы № 388 "Мектеп курагындагы жана мектепке баруучу курактагы балдарды каттоого алуунун тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу" токтомунун аткарылышы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн, Бишкек жана Ош шаарларынын мэрлеринин отчетторун жыл сайын 1-июлга чейин карап турсун;

- ушул Жарлыктан келип чыгуучу финансылык, уюштуруучулук жана башка маселелерди чечсин.

5. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү мамлекеттик администрацияларынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын башчылары жана жалпы билим берүү мектептеринин директорлору

жалпы билим берүү мектептерине балдардын баруусун системалуу түрдө талаптагыдай контролдоону камсыз кылсын.

6. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы башталгыч, жалпы негизги жана орто жалпы билим алууга балдардын конституциялык укуктарынын камсыз кылынышына жана билим берүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарынын сакталышына туруктуу негизде көзөмөл жүргүзсүн.

Жыл сайын 1-июлга чейин Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына башталгыч, жалпы негизги жана орто жалпы билим алууга балдардын конституциялык укуктарын камсыз кылуу боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарынын аткаруу бийлигинин органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан сакталышы жөнүндө маалыматты берип турсун.

7. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

8. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**

**Президенти** **С.Н. Жапаров**